16. (209) араб
копия

# ПАПКА ДЛЯ БУМАГ

Айткан: М. Мусулманкулов

Жаныш-Байыш

жазган: К. Мифтаков, 1927-ж.

# Мазмуну

М. Кужумамадаев


| | бети |
|---|---|
| 1. Жанпер-Бадюш. | 1-120 |
| 2. машинописная копия (араб алфавитинде, копиясы инв. 267де латин алфавитте шекил басмагъан). | 1-116 |


1927-йыл.

инв. 16 (209)

ЖАНЫШ - БАЙЫШ.

I. Асылкан жана Жаныш,Байыш.

Асылкан деген бир падыша бар эле, анын дүнүйөсү түгөл,түркүгү алтын эле, анын эч парзанты жок эле. Ошондо Асылкан тактысын талак кылып (тагына олтурбаймын деп карабай таштаган Ж.К.) таштап, балалуу болсом экен деп кудайдан тилеп, жалынып, мойнуна бото саланып, Медийнаны көздөй жөнөдү. Жолдон Асылканга Кыдыр Илияс учурады. Кыдыр Илияс "Сен кимсиң?" деди. Ал"мен Асылкан падышамын" деди. Кыдыр Илияс "Тилегиң кудайга жетти, тилегиңди кудай кабыл кылды"деди. Асылкан "Сиз Кыдыр Илияссызбы, эгер болсоң: кудай кудуретинден айланайын эки бала берсин, телегейин тегиз берсин, биреенен биреен улуу кылып берсин, беттешкенин алганды берсин, миң пут ташты көтөргүдөй балбанды берсин" деди. Кыдыр Илияс Асылканга "Алаканыңды жай" деди. да"О-о-омийин" деп бата берди. Батаны берээри менен ал киши көздөн кайым болду. Асылкандын тилеги кабыл болуп кубанчы койнуна сыйбай, сүйүнүп үйүнө кайтты. Тогуз ай, тогуз күн, тогуз саат, тогуз мүнөттө Асылкандын байбичеси төрөдү, эгиз эки эркек бала төрөлдү, ) экөө тең болук, алтын көкүлдүү. Ал эми балага таң калышты көргөн элдер. Асылкан Алты Шаар падышасы эле, ал шаардын атрабына кабар салып элин жыйды, зор той кылды. Токсон күн бүттү, тою өттү. Эгиз эки балага бир аксакал биринин аты Жаныш, биринин аты Байыш болсун деп ат койду. Ал аксакалды ошол жердегилердин эч кимиси таанышбады.Ал аксакал Кыдыр экен, көздөн кайым болду. Жаныш менен Байыш он бешке чыгышты. Бир күгалдак токтоп калган тоонун башында көл бар эле. Ошол көлдүн падышасы Нургожу деген куштун падышасы эле. Ошол көлгө Рамбак перинин кыздары келип жылында бир мартаба сейил кылып кетээр экен. Ошондо Жаныш,Байыш эки бала кырктан сексен жигити менен куш салып талаага чыгып барышат. Ошол перинин кыздары ошол көлдө ойношуп жатыр эле. Ал кыздарды балдар алыстан эле көрүшөт. Балдар айран калып

бей ууш болду (ушу кетти Ж.К.). Жаныш менен Байыш жигиттерине булар кайдан келген кыздар деп карап турушту. Ошондо бир куш сүреттүү киши учурады. Ол адамга "Сен кимсиң?" деди. Тигил киши "Нургобо деген кишимин, куштун падышасымын" деди. "Ол кыздар ким?" деди. Нургожо "Ол кыздар пери" деди."Олор не үчүн келген"дешти. Нургожо "Ол кыздарды эмне кыласың?"деди. "Ашык болуп калдык"деди. (Эскертүү: муну айтуучу Мисир шаарына падыша эле дейт. Бирок калк оозунда Алты Шаарга падыша эле деп айтылат. Жанайил уулу Жузубалынын жаздырганында да Алты-Шаарга хан эле делген). Эми андай болсо кыздар кеп кийимин киет, ошол кийимин кие электе эч кимге көрүнбөй акырын барып экөөң эки кыздын көйнөгүн ала качкыла "дейт Нургожо. Эки бала өңүп барып эки кыздын эки көйнөгүн ала качышты. Кыздар жетөө экен, бешөө качып кетет. Эки кыз көйнөктөрүнө каралап кетпей калышат да "Көйнөгүбүздү бергин"деп экөө эки балага көпкө жалынышат. Ошондо Айдар деген жигит периче тил билет экен, ал ошол эки кыз менен "Ушул эки балага экөөң тийгиле" дейт. Ал эки кыз экөө тигил эки балага ашык болуп калганын өздөрү Айдарга айтышат. Эки бала кыздардын көйнөгүн бербей эки кызды өңөрүп алып Алты-Шаарга барышат. Эл кыздарды көрүп таң калышат. Алты Шаардын падышасы Асылкан чоң той берди жана эки кызды эки баласына алып берди. Эки бала да, эки кыз да ошол жылдары он беш жаштарда эле. Бир кыздын атын Айчолпон, бир кыздын атын Күнчолпон коюшту. Бул эки кыз экөө тең сулуу эле,Алты Шаар Зымын деген жерде эле. Алкыса калмактардын бир падышасы бар эле,ал падышанын аты Шумурут эле. Ошол Шумуруттун шаарынын он сегиз дарбазасы бар эле. Зынжырлап байлаган сексен жигити бар эле, ошол жигиттерин жыйды, ошол жигиттери менен Шумурут маслаат кылды. Алты шаарда бир падышанын эки баласы бар дейт, ошол эки баланы кармап келип бергиле деп амир кылды. Бул эки балага барууга эч ким чыкпады. Ол падышанын Бел кыйыс аттуу бир кызы бар эле. Ким барып, ошол эки баланы алып келсе мен Белкыйыс кызымды беремин деди. Ошондо бир жигит орду-

нан тура калып мен барамын деди. (Бул сөз Молдобасандын айтуу боюнча алынды). Ол жигиттин аты Желмаян эле. Шумурут алтын мөөрүн басып, алтын таажысын башына салып, Желмаянды Жаныштьі жана Байышты кармап кел да кызымды ал деп Алты-Шаарга жөнөттү. Желмаян Алты-Шаарга жөнөр алдында падышага "Мен он жыл дегенде келемин" дейт. Желмаян жөө жүрүп кетти, токсон күндүк жол эле, ал шаарга отуз күндө жетти. Барып Желмаян бир жетим кемпирди таап алды, ана(эне) кылды. Ошол Алты-Шаарда үч жыл жүрдү. Жаныш,Байыш ал баланы көрдү, мага жигит бол деди. Ал бала макул деп тигилерди ээрчип жөнөдү, ошентип ал бала Жаныш,Байышка үч жыл жигит болду, бардыгы алты жыл өттү, сексен жигитке жана үч жыл башчы болду, муну менен тогуз жыл өттү. Желмаян Жаныш,Байышты өзү билип калды, бир тулпар атты минди, бир сулуу кызды тандап алды, бектер Желмаяндын эч сөзүнөн чыкпады. Желмаян падышасын эми эстеди, убадасы да бүтүп баратат, колунда бир кептери бар эле, ал кептери тилмер (тил билги) эле. Желмаян кат жазып кептердин мойнуна тагып туруп аны учуруп жиберди. Ал Зиминден (Алты-Шаардын турган аймагынан-жеринин аты Ж.К.) учуп өзүнүн жерине он беш күндө жетти. Ал катты бир айда эки баланы алып барамын, сиз Ала-Көлдүн боюна даяр болуп туруңуз деп жазган эле. Ошол катты окуп Шумурут сүйүнүп журтуна сүйүнчү берди дейт, анан элүү миң аскер жана отуз балбан алып Ала-Көлгө жөнөйт. Астына он чалгынчы жиберди. Желмаян Жаныш,Байышка Ала-Көл деген бир жер бар, ошол жерге баралы, шумкар салалы, сейил кылып, тамаша үчүн баралы,-дейт. Эки бала макул болушат, сегиз күндө Ала-Көлгө жөнөйлү деп, сексен жигит менен бата кылат, күлүктөрүн жана жорголорун кармады, аларды сууттту. Сексен жигитке ок-дары, кылыч, найза аммма жарактарыңар менен даяр болосуңар деп эки бала амир кылды. Тогузунчу күнү жигиттер аттарын минишип, куйруктарын түйүшүп, мылтыктарын асынып, кылычтарын байланып, олпокторун кийишип, найзаларын алышып Жаныш,Байыштын үстүнө барышат. Үйүндө дүйнө, пулу калды, Акжол,Дарбаз деген эки кулу калды.